УДК: 17 (07)

Т.Т.Раева, Н.К.Куланбаев, Ч.Т.Таирова

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ АДЕП САБАГЫН ОКУТУУНУН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

*Макалада башталгыч мектепте адеп сабагынын проблемалары жөнүндө сөз болот. Адеп сабагынын мектеп программасына киргизилиши менен окумуштуулардын, методисттердин жана мектеп мугалимдеринин алдына чоӊ милдеттер жүктөлгөндүгү белгилүү. Мына ошондой проблеманы чечүүдө баланын адебин, ыйманын өстүрүүгө, жашоого, рухий-адептик нарк-дөөлөттөргө болгон көзкарашын калыптандырууда азыркы күндөгү мугалимдин милдети зор.*

2003-2004-окуу жылында кыргыз тилинде окуган жалпы билим берүүчү мектептердин 1-11-класстарында «Ыйман сабагынын» окуу программасы эксперименттик сыноодон өткөрүлгөн. Сыноону өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча жана мугалимдерден, ата-энелерден, илимий жана чыгармачылык уюмдардан, райондук жана областтык билим берүүнү башкаруучу органдардан келип түшкөн сунуштарга байланыштуу Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеӊешинин чечими чыккандыгы белгилүү. Ал чечимге ылайык кыргыз тилинде окуган жалпы билим берүүчү мектептердин 1-11-класстары үчүн «Ыйман сабагынын» аталышы «Адеп сабагы» болуп өзгөртүлгөн жана ал сабактын окуу программасы бекитилген [1, 4-5 -б.].

Ошентип, адеп сабагынын мектеп программасына киргизилиши менен окумуштуулардын, методисттердин жана мектеп мугалимдеринин алдына чоӊ милдеттер жүктөлдү. Аталган сабакты өтүүдөгү кыйынчылыктар жаӊы түзүлгөн окуу программасына ылайык иштелип чыккан окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолордун жоктугу менен түшүндүрүлөт. Сабакты өтүүнүн ыкмасы, тажрыйба-табылгалары жөнүндө басмасөз беттерине бирин-экин чыккан макалаларга эле таянбаса, азыркы учурда мектеп мугалиминин мектепте эмне колдонорун билбей турган кези.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүктү алгандан кийин анын улуттук, маданий өзгөчөлүктөрүн салт-санаасын, муундан-муунга берилип келе жаткан мурастарын, рухий-адептик нарк-дөөлөттөрүн өз ичине алган инновациялык багыттагы билим берүүнүн программасын иштеп чыгууну жүзөгө ашыруу максаты келип чыкты.

Мындай чоӊ жүктү мойнуна алган жоопкерчиликти жүзөгө ашыруу үчүн бир топ иштер жасалды, жасалып жатат жана жасалышы керек.

Бүгүнкү күндө жаштарга адептик тарбия берүүгө өзгөчө көӊүл бурулуп жатышы бекеринен эмес. Коомдун өнүгүшү менен адамзаттын көзкарашы өзгөрүп, ар түрдүү социалдык-экономикалык кырдаалды башынан өткөрүп, ал гана турсун өлкөнүн жашоо ыргагынын ыдырашы зордук-зомбулуктун, өз ара мамиленин бузулушу, ыймандуулуктун жоголушу мындай тарбиянын, анын мектепте окулушунун кечиктирилгис милдет экенин көрсөттү.

Жалпы билим берүүчү мектептердин 1-11-класстары үчүн адеп сабагынын окуу программасында: «Адептик жана рухий-ыймандык билим берүүнүн мектептеги системасы – окуучулардын коомдук жана жекече жүрүм-турум

нормаларын жана эрежелерин, алардын адамдарга, дөөлөттөргө жана өзүнө карата адеп-нарктуу мамилесин иштеп чыгууга көмөк көрсөтүүгө чакырылган, социалдык-педагогикалык жана коомдук-практикалык зарылчылыктар менен шартталган, этнопедагогикалык устат-шакирт мамилесине негизделип, бирдиктүү максатка багытталып, ырааттуу уюшулган педагогикалык процесс. Адептик жана рухий-ыймандык билим берүүнүн башкы максаты – мектеп окуучуларында элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандыруу. Бул максат мектеп окуучуларында тереӳ адептик аӳ-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу, адептик сезимдерди тарбиялоо, адептик ынанымдарды иштеп чыгуу, жүрүм-турумда адамдык жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу сыяктуу милдеттерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырылат» - деп көрсөтүлөт [1, 4-5-б.].

Аталган программада адамдык асылдыктарга өзгөчө көӳүл буруу менен бирге төмөндөгүдөй диалектикалык – методологиялык талаптар жетекчиликке алынат:

1. Адептик билим берүүнүн жалпы адамзаттык рухий-ыймандык дөөлөттөргө багытталышы.

2. Адептик таалим-тарбиянын улуттук нарк-насилге, элдик педагогиканын көөнөрбөс салттарына жана дөөлөт-мурастарына негизделиши.

3. Адептик жана рухий-ыймандык билим берүүнүн адамгей, гуманисттик, демократиялык граждандык маӳызга жана мүнөзгө ээ болушу.

Бирдиктүү адептик таалим-тарбия процесси төмөндөгүдөй принциптерди жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырылат:

- окуучулардын таанып-билүүсүн этнопсихологиялык жана этномаданий өзгөчөлүктөрдү, элдик педагогиканын өрнөктүү салттарын эске алуу менен калыптандыруу;
- окутуу-тарбиялоо процессинин мазмунунун илимий, ырааттуу жана уланмалуу болушу;
- окуучунун жекече инсандык көзкарашын жана сапаттарын, адамдык беделин жана бөтөнчөлүгүн урматтоого негизделген гумандуулук;
- адептик таалим-тарбия ишин уюштуруу, жүзөгө ашыруу жана башкаруудагы демократиялуулук;
- тилдик, маданий, аймактык ж.б. бөтөнчөлүктөрдү эске алууга негизделген маданият нарктуулук;
- окуучулардын курактык, жыныстык, психофизиологиялык ж.б. бөтөнчөлүктөрүн жана өнүгүү деӳгээлин эске алууга негизделген табият нарктуулук;
-академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык;
-предметтер аралык байланышты жүзөгө ашыруу;
-окуучулардын өз алдынча билим алуусуна жана өзүн-өзү тарбиялоосуна ыӳгайлуу шарт түзүү;
-билим берүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо процессин өз ара айкалышта жүргүзүү;
-окуучулардын өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн жана сынчыл ой жүгүртүүсүн калыптандыруу ж.б.

Адеп сабагынын программасы 1-11-класстарды камтуу менен, ар бир класска жумасына бир сааттан бөлүнүп, жылына 34 саат өтүлөт.

Программада окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө жараша 6 багытта (жалпы темада) иш алып баруу пландаштырылган. Ал багыттар төмөндөгүдөй:

1. «Адеп» - 1-4-класс;
2. «Мурас» - 5-7-класс;
3. «Адам» - 8-класс;
4. «Үй бүлө» - 9-класс;
5. «Эл таануу» -10-класс;
6. «Маданият» - 11-класс.

Арийне, адеп сабагынын өтүлүшүнүн өз милдет-максаттары бурмаланып, жалаң гана диний түшүнүктөрдү берүү менен чектелиши керек деген түшүнүктөн алыс болушубуз керек. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «адеп» деген сөзгө төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилген: «Адеп – тартип, ызаат, сылыктык, уят. Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшойт [2, 19-б.].

Демек адеп сабагы илимий – философиялык, тарыхый-маданий, адептик-ыймандык ой-жүгүртүүнү талап кылуучу, окуучуда адамдык мамилелердин асылдыгын даңазалоого, аларга ар нерсе тууралуу өз баасын бере билүүгө, сөздүн төркүнүн түшүнө билип жана күндөлүк турмушта бекем сактай билүүгө үйрөтүшү керек.

Адеп сабагын башталгыч класста окутууда реалдуу оюндарды, жомок сабагын, саякат сабагын, ар кандай конкурстарды өткөрүү абдан натыйжалуу. Бул иште мугалимдин жеңилин жерден, оорун колдон алууга ата-эненин орду жана ролу зор.

Аларды сабакка катыштыруу баласынын мыкты тарбиялануусуна гана өбөлгө болбостон, ата-эне бийик моралдык-ыймандык маданиятты, өрнөктүү жүрүш-туруш сапатты көрсөтүүчү баланын көзгүсү катары жоопкерчилик жүктөлөрүн да сезип билишет.

Мындан тышкары сөзгө чебер ата-энелерди, колунан көөрү төгүлгөн уз-усталарды, эл оозуна алынган адамдарды чакырып аңгеме-дүкөн куруу окуучулардын кызыгуусун арттырмакчы.

Уюткулуу кыргыз эли эзелтен оозеки чыгармага, тарыхый, адабий, маданий мураска бай. Бери дегенде жыйырма үч кылымдан ашуун жол баскан рухий маданиятыбыз кээде ташыган дайра болсо, кээде соолуган булак болуп кемиди. Мына ошол кемтикти толтурууда, адеп сабагынын баа жеткис ролун жана ордун даңазалоодо мугалимдин зор ишмердигин талап кылат.

Адеп сабагын окутууда элдик педагогика олуттуу орунду ээлеши керек. Аны ыңгайы менен мугалим пайдалана билсе билим берүү ишин өркүндөтүүгө өбөлгө түзөөрүндө шек жок. Бул экөөнү байланыштыруу тууросында Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепцияларында да төмөнкүчө берилген: «Балдардын интеллектуалдык жана ыймандык сапаттарын калыптандырууда этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрүн жана элдик педагогиканын салттарын эске алуу зарыл» [3, 2-б.].

Элдик педагогиканын баланы тарбиялоодогу орду өтө эле зор экендиги белгилүү. Бул багытта А.Алимбеков: «Кыргыздар байыртадан эле акыл менен билимдүүлүктү адам баласына таандык башкы касиет катары баалап

келишкен. Ата-бабалардан мурасталган аўыз аўгемелерде, дастандарда, макал-лакаптарда азыркы муундар їчїн акыл менен билимдин адам турмушундагы ордун ар тараптуу тїшїнїїгє, алардын билимге болгон дитин, кунтун ойготууга дїрмєт болуучу осуяттар арбын» - деп абдан туура белгилеген [ 4, 4-б.].

Башталгыч мектепте окутуунун жаўы технологияларын колдонуу-учурда актуалдуу маселелердин бири. Мектепте бул маселенин їстїндє ар бир мугалим иштєєгє милдеттїї. Ал эми биз сєз кылып жаткан адеп сабагын єткєрїїнїн жаўы ыкмалары кайсылар жана кандай тажрыйбаларды колдонуу мїмкїнчїлїгїбїз бар?

Адеп сабагын єтїїдє окутуу жана тарбиялоо ыкмасынын негизги структурасынын компоненттери болгон: окутуунун максаты, мазмуну, сабак берїї жана окуучунун иш-аракети, сабактын жалпы мїнєздємєсї, принциптери, методдору, сабак берїїнїн формаларына єзгєчє кєўїл бурулуп, окуучунун єсїп-єєрчїшїнє кємєк кєрсєтїї, окууга болгон кызыгуусун арттыруу менен адеп-ахлактын, ыймандын бийик сересине чыгаруу.

Адеп сабагын окутуу менен, окутуунун теориялык элементтери болгон: ойлонууга, туура сїйлєєгє кєнїктїрїї, їлгїлїї жїрїш-турушка ээ болууга, билим алууга, денсоолугун чыўдоого кєнїктїрїп, анын акылынын калыптанышы менен психикалык жактан єсїїсїн да эске алышыбыз керек. Демек, окуучу адеп сабагынан мугалимдин айтып бергенин элестетип, тїшїнїп жана єз алдынча талкуулай алышы керек.

Мектепте кабыл алынган маалыматтар анын дубалынын ичинде гана калбашы керек. Себеби баланын сырткы да чєйрєсї бар эмеспи. Мына ошол сырткы чєйрєдє бала мектептен алган билимин колдоно алууга жетїїсїнє мугалим тїздєн-тїз милдеттїї. Мындай ийгиликке жетишїїдє башталгыч класстарда ролдуу оюндарды ойнотуунун мааниси зор. Себеби бала ушул куракта кєчєдєн же їйдєн кєргєнїнїн жакшы же жаман экендигин ылгабай тууращат.

Анын їстїнє балдар эртеден кечке экранды тиктешет. Окуучунун дїйнє таанымын кеўейтип, жан дїйнєсїн байыта турган кєрсєтїїлєр єтє эле аз санда. Башталгыч мектептин окуучулары азыркы кїндє теледен кєргєн баевик, супер-баевик, триллер ж.б. жєнїндє талкуулап жатканына кєп эле кїбє болуп жїрбєйбїзбї. Мындай фильмдер баланын психикасын бузуп, ачуулуу, зєєкїр, ж.б. терс адаттарынын пайда болушуна шарт тїзєт. Азыркы окуучулардын кєпчїлїк бєлїгї адабий китеп, жомокторду окушпагандыгынын негизги себеби эмнеде? Мїмкїн, турмуштагы терс кєрїнїштєрдїн бардыгында батыштын маданиятынын таасири болуп жїрбєсїн?

Ал эми баланын таза, баёо дїйнєсї жашоодогу «акты» да, «караны» да ылгабастан бирдей кабыл ала берет эмеспи. Ошондуктан жаш муундарды мїмкїнчїлїктїн жетишинче, колдон келишинче маданиятуу, жан дїйнєсї бай, акылын, билимин гана єстїрїп тим болбостон, анын адебин, ыйманын єстїрїїгє, жашоого, єткєнгє жана рухий-адептик нарк-дєєлєттєргє болгон кєзкарашын калыптандырып, єзїнїн жана элинин тагдыры їчїн жоопкер болгон адамды тарбиялоо – азыркы кїндєгї адеп мугалиминин милдети.

АДАБИЯТТАР

1. Адеп сабагы. Жалпы билим берїїчї мектептердин 1-11-класстары їчїн окуу программасы. –Бишкек: ТАС, 2004.
2. Кыргыз тилинин тїшїндїрмє сєздїгї. –Фрунзе: Мектеп, 1969.

3. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берїїнї жаўылоонун концепциялары. –Бишкек, 1995.
3. Жалпы билим берїїчї мектептердин 1-11-класстары їчїн окуу программасы: - Бишкек: ТАС, 2004, 4-5-.б.
4. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берїї салттары. –Бишкек: Педагогика, 2001.
5. Нуруйбекова В.А. Єркїндєтїп окутуунун жана тарбиялоонун негизги технологиясы. № 9-10. -2001. 20-21-б.
6. Окутуу менен тарбиялоо // Эл агартуу. -№5-6. -2001.